**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**Кеңешинде талкууланды**
**№1 протокол 30-август 2022-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**ЖАМУнун ректору,**
**т.и.д., профессор**
**_________ Үсенов К.Ж.**
**"___"_______ 2022-ж.**

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

багыты:
**550300 Филологиялык билим берүү**

даярдоо профили:
**кыргыз тили жана адабияты**

квалификациясы:
**магистр**

окутуу формасы:
**күндүзгү**

**Жалал-Абад-2022**

Сканировано с CamScanner

Негизги билим берүү программасы (НББП) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн 550300 филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык түзүлдү.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2022-жылдын "29.08" жыйынында каралды жана №1 протокол менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы: Кадырова А.

Филология факультетинин деканы: Калмурзаева А.А.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын улук окутуучусу: Кочорова Г.О.

**Иш берүүчүлөрдүн окулдөрү:**

Жалал-Абад областынын Сузак районундагы №85 "Ынтымак" жалпы орто билим берүү мектеп мекемесинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими __________ Боржуева К.А.

Жалад-Абад областынын Сузак районундагы №77 Т.Байзаков атындагы жалпы билим берүү мектеп мекемесинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими __________ Токтосунова А.Т.

**ННБПнын эксперттери:**

К.Ш. Токтомаматов атындагы ЭАУнун доценти, ф.и.к. __________ Алтаева Д.И.

Илимий изилдөө медициналык-социалдык институтунун табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, ф.и.к. __________ Турдубаева А.М.

**Бүтүрүүчүлөр:**

Жалал-Абад шаарындагы Н.Закиров атындагы №2 орто мектептин директору __________ Мараимова Н.М.

Э.Уметов атындагы педагогикалык факультетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын доценти, п.и.к. __________ Ураимов К.М.

Медициналык факультетинин гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын улук окутуучусу __________ Ашимбаева Г.С.

Сканировано с CamScanner

**МАЗМУНУ**


1. **Жалпы жобо** .................................................................................... 4

1.1. Негизги билим берүү программасы ............................................... 4

1.2. НББПны иштеп чыгуунун нормативдик документтери ........................4-5

1.3. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар...............................5

**2.НББПнын колдонулуу чөйрөсү** ..................................................... 5-6

**2. ЖКББ НББПнын жалпы мүнөздөмөсү** .............................................. 7

Магистрди даярдоодо НББПнын максаты (миссиясы) ............................... 7

ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо багытында даярдоонун максаты ................................................................................................. 7-8

Бүтүрүүчүнүн НББПдагы кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү.................9

**4. НББПны ишке киргизүүнүн шарттарына коюлган талаптар** ......................10

4.1. НББПны ишке ашырууда ЖАМУнун укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ................................................................................. 9

**5. Магистрлерди даярдоодо НББПнын структурасына коюлган талаптар** .......11

5.1. Магистрлерди даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар ........ 11

5.2. Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча магистрлерди даярдоонун НББП структурасына талаптар..........................13

5.3.Магистрлерди даярдоонун НББПсын ишке ашыруунун шарттарына талаптар .......... 14

**6. НББПны ишке киргизүүдө билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер**.............................................15

**7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар** ...........................16

**8. Тиркемелер.** ..................................................................... 19-32




Сканировано с CamScanner

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Негизги билим берүү программасы (аныктама)

Б.Осмонов атындагы ЖАМУда **550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты квалификациясы боюнча магистрлерди даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын (Бишкек, 2021) негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Аталган негизги билим берүү программасы максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессинин мазмунун, шартын жана колдонуунун технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуу планы; б) жумушчу окуу планы; в) НББПдагы компетенциялар картасын, г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын аннотацияларын; д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын; е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын; ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

### 1.2. НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер

Магистрдин НББПсын иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы (КР мыйзамдарынын редакциясында 28-дек. 2006-ж. №225, 31- июль 2007-ж. №111, №115; 20-январь 2009-ж. №10, 17-июнь 2009-ж. №185, 15-янв. 2010-ж. №2, 13-июнь 2011-ж. №42, 8-август 2011-ж., №150, 29-дек., 2011-ж. №255, 23- август 2011-ж. №496, 29-май 2012-ж. №347, 30-июль 2013-ж. №176).
- КР Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-ж. №53 токтому менен бекитилген КРда жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндөгү Жобосу;
- 531000 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Бишкек, 2021), квалификациясы: магистр;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылары;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Уставы;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Дисциплиналардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекс (УМК) жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Педагогикалык практиканы өткөрүү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу.
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин магистратурасы жөнүндө жобо
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бюллетени. Магистрдик диссертация боюнча жобо



Сканировано с CamScanner

**1.3. ТЕРМИНДЕР, АНЫКТАМАЛАР, БЕЛГИЛЕР, КЫСКАРТУУЛАР.**

**1.3.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсү үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы** – даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну уюштуруунун максатын, мазмунун, күтүлүүчү натыйжаларды көрсөтүүчү окуу-усулдук документациялардын жыйындысы;
- **даярдоонун багыты** - жалпы фундаменталдык даярдоонун негизинде интеграцияланган ар кандай профилдеги жогорку кесиптик билими бар кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо боюнча билим берүү программаларынын комплекси;
- **профиль** – кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси жана (же) НББПнын конкреттүү көрүнүшкө багытталышы;
- **компетенция** – белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу өндүрүштүк ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон студенттин билим берүү даярдыгына алдын ала белгиленген коомдук талап (норма);
- **бакалавр** – магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү жогорку кесиптик билимдин квалификациясынын деңгээли;
- **магистр** - аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (PhD/профиль боюнча) тапшырууга жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билимдин квалификациясынын деңгээли;
- **кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасын окутуунун натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар.
- **түздөөчү (выравнивающие) курстары** - тиешелүү багыт (адистик) боюнча базалык билими бар бакалавриат студенттери тарабынан окуунун биринчи жылында багыт боюнча магистрлерди даярдоонун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн зарыл болгон негизги кесиптик билимдерге жана компетенцияларга ээ болуу үчүн өздөштүрүлгөн дисциплиналар;
- **жалпы илимий компетенциялар** – үйрөнүү, талдоо жана синтездөө ж.б. мүнөзүнө ээ кесиптик ишмердиктин бардык (же көпчүлүк) түрлөрү
- **инструменталдык компетенциялар** - когнитивдик жөндөмдүүлүктөрдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмдүүлүгүн камтыйт; методикалык жөндөмдүүлүктөр, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окутуу, чечим кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн стратегияларды түзүү; технологиялык көндүмдөр, технологияны колдонуу менен байланышкан көндүмдөр, компьютердик көндүмдөр жана маалыматты башкаруу жөндөмдөрү; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникативдик компетенциялар;
- **социалдык, жеке жана жалпы маданий компетенциялар** - сезимдерди жана мамилелерди билдирүү, критикалык ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындоо жөндөмү менен байланышкан жеке жөндөмдүүлүктөр, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстери менен байланышкан социалдык көндүмдөр, топтор менен иштөө жана социалдык жана этикалык милдеттерди алуу жөндөмдүүлүгү,
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана ишинин түрүнө карабастан ар кандай уюмдун кызматкердин штаттагы ордун татыктуу ээлөө үчүн жооп бериши керек болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ.



Сканировано с CamScanner

**1.3. 2. Кыскартуулар жана белгилер** Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында төмөнкүдөй кыскартуулар кездешет:
**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;
**ОУБ** – окуу-усулдук бирикме;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** - инструменталдык компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар
**КИЖМК** – коомдук инсандык жана жалпы маданий компетенциялар

## 2. НББПнын КОЛДОНУЛУУ ЧӨЙРӨСҮ

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасына азыркы Убактылуу мамлекеттик талаптар (мындан кийин ЖКББ НББП УМТ) өз алдына **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча магистрди даярдоонун НББПсын ишке ашырууда окуу жана уюштуруучулук-усулдук иш кагаздарын даярдоодо негиз болуучу нормалардын, эрежелердин жана талаптардын айкалышын, Кыргыз Республикасынын аймагындагы лицензиясы же мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн бардык жогорку кесиптик билим берүүчү бардык билим берүү мекемелеринин (мындан кийин - ЖОЖдор), алардын уюштуруучулук-укуктук формаларынын өзгөчөлүгүнө карабастан, негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнүн сапаттык баасын аныктайт.
**2.2. 550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча учурдагы ЖКББ НББП УМТынын негизги колдонуучулары:
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун жетекчилиги, илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) курам жана аталган багыт боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин жана даярдоонун деңгээлин эсепке алуу менен НББПны жаңылап жана эффективдүү ишке ашыруу үчүн иштеп чыккан жогорку окуу жайдагы жооптуулар;
- даярдоонун аталган багыты боюнча ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн эффективдүү жүргүзгөн жоопкерчиликтүү магистранттар;
- кесиптик билим берүү чөйрөсүнө тиешелүү иш берүүчүлөр менен адистердин бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органдарынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларынын иштелмесин камсыз кылган окуу-усулдук бирикмелер жана кенештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү финансылоону камсыздоочу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- жогорку кесиптик билим берүү тармагынын билим сапатын көзөмөлдөөчү жана жогорку билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыздоочу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.
- кесиптик жогорку билим чөйрөсүндөгү билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык органдар.

## 2.3. Талапкерлердин даярдыгынын деңгээлинe коюлуучу талаптар

**2.3.1.** Жогорку окуу жайга тапшырган абитуриенттин билим деңгээли «Магистр» квалификациясы ыйгарылган, же жогорку "бакалавр" квалификациясы менен кесиптик квалификацияга ээ болушу керек.
Талапкерден талап кылынуучу документтер:
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн «магистр» квалификациясын алууга умтулган талапкердин "филологиялык билим берүү" багыты боюнча "бакалавр" квалификациясы ыйгарылган диплом;


Сканировано с CamScanner